Байланыш

Сөзү: Добранов Адилет

Обону: Эркебаев Сапар

Мындай нерсе боло бербес ар ким менен ар күндө

Эгер болсо өңдө эмес, көргөндүрсүң түшүңдө

Угуп турчу, айтып берем "укпай калыпмын" дебе

Сен сүйүүгө кабылуунун оңой жолун издебе

Мындай нерсе боло бербес ар ким менен ар күндө

Эгер болсо өңдө эмес, көргөндүрсүң түшүңдө

Угуп турчу, айтып берем "укпай калыпмын" дебе

Сен сүйүүгө кабылуунун оңой жолун издебе

Табышмактуу сүйүү күчү кыйла өйдө байлыктан

Ал бакыттын жандырмагы табышмактуу салынган

Сүйүү келет ар адамга ар башкача түрүндө

Ал сүйүүнү издебегиле, жөн гана күткүлө

Бешенеңе жазган ырыс өз убагында келет

Түшүнөсүң аны өзүң жүрөк аркылуу сезип

Кээ бир адам кээде аны бир көрүүдөн байкабайт

Көп убакыт бирге созуп сүйүү жогун аныктайт

Кээде сүйүп калат адам биринчи көз караштан

Толук мүмкүн ал тараптан көңүл бөлбөй калышка

Ала-Тоонун ак карындай ак жана бийик жеткис

Бар сүйүүлөр ал сүйүүгө эч бир нерсе теңелгис

Сен деп жашап, сүйүүгө мен бел байлап

Жүрөмүн мен сени самап

Издеп сени, махабат арбап мени

Бакытыма мен байланам

"Сүйүү кетип келе бербес, келер анын маалы бар

Күйүп кайра жана бербес" деп айтылган маалым бар

Өз ичине өзгөчө бир сезимдерди камтыган

Ал эсинде кала турган сүйүү деген аты бар

Абайлагын жабыркаштан ал сүйүүнүн арманы

Жабыркасаң да адашпа, бул жашоонун маңызы

Бул жашообу же тагдырыбыздын табышмагыбы?

Буга окшогон себептердин болду экен кайсылы?

Ал дайыма жылуу жана дайым таттуу сезилет

Ал капыстан кирип жанга жан дүйнөңдү эргитет

Эгер кетсе өзү менен кошо алган көңүлдү

Жеңил эмес, ал нерсени жүрөгүңдө көтөрүү

Өмүр бою кайталангыстай көрүнгөн бар сүйүү

Көргөндөрү бар сүйүүнүн жалгыз эмес, ар түркүн

Ысык-Көлүбүздөй терең, баалуу, эч нерсе жеткис

Бар сүйүүлөр, ал сүйүүгө эч бир нерсе теңелгис

Сен деп жашап, сүйүүгө мен бел байлап

Жүрөмүн мен сени самап

Издеп сени, махабат арбап мени

Бакытыма мен байланам

Сен деп жашап, сүйүүгө мен бел байлап

Жүрөмүн мен сени самап

Издеп сени, махабат арбап мени

Бакытыма мен байланам